Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун
№ 9.1. ТОКТОМУ

29.05.2025 ж.

1. КУУда студенттерди социалдык жактан колдоо жана аларга жеңилдиктерди берүү боюнча комиссиянын 2024-2025- окуу жылындагы ишинин жыйынтыктары жөнүндө.

*(Жооптуу Административдик-чарба иштери боюнча проректор Б.К. Айтахунов ).*

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Уставынын, студентерге социалдык колдоо көрсөтүү жөнүндө Жобосунун, Жамааттык келишиминин, окуу төлөмүнө жеңилдик берүү боюнча комиссиянын чечиминин негизинде Административдик-чарба иштери боюнча проректор Б.К. Айтахуновдун 2024-2025 окуу жылы контрактын негизинде окуган студентерге окуу төлөмүнө женилдик берүү маалыматын карап чыгып окумуштулар кенеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ

1.**Окуу төлөмүнө жеңилдик төмөнкү студенттерге берилсин:**

- Жетим студенттерге 100% жеңилдик –140 студентке, 5 714 100 сом;
- I-группадагы майыптыгы аныкталган студенттерге 50% жеңилдик –7 студентке, 147 350сом;
- II, III-группадагы майыптыгы аныкталган студенттерге 25% жеңилдик –97 студентке, 1 026 825 сом;
- КУУнун 15-жылдан өйдө (жогору) иштеген кызматкерлердин окуп жаткан балдарына 50% жеңилдик – 111 студентке, 2 337 250 сом;
- КУУнун 10-жылдан өйдө (жогору) иштеген кызматкерлердин окуп жаткан балдарына 25% жеңилдик –24 студентке, 268 625 сом;
- КУУнун 3-жылдан өйдө (жогору) иштеген, окуп жаткан кызматкерлерине 25% жеңилдик – 27 студентке, 288 500 сом;
- Олимпиадалык спорт түрлөрү боюнча сынактардан жана ЖОЖ арасындагы Универсиадага катышкан 2-3-орунга ээ болгон студенттерге 25% жеңилдик –2 студентке, 20 125 сом;

- 2.5 пунктуна ылайык – Өзгөчө шарттагы жана олуттуу жагдайлары бар студентерге, окуу акысынан 50% жеңилдик берилген- 4 студентке, 88 000 сом;

**Жеңилдикке берилген жалпы сумма- 9 890 775 сом**

2. Окуу төлөмүнө жеңилдик берүү боюнча буйрукту даярдоо студенттик кадрдар бөлүмүнө тапшырылсын.

3. Бухгалтерия өзүнүн ишинде ушул токтомду жетекчиликке алсын.

4. КУУнун 2024-2025-окуу жылынын атайын каражаттарынын киреше жана чыгаша бөлүгүнө коррективаларды киргизүү пландоо-финансы бөлүмүнө тапшырылсын.

КУУнун ОК төрагасы,
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы,
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун
№ 9.2. ТОКТОМУ

29.05.2025 ж.

2. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Окумуштуулар Кеңешинин отурумунун 2025-жылдын 29-майындагы Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине 2025-2026-окуу жылына карата кабыл алуунун эрежелерин, жоболорун жана кабыл алуу өнөктүгүн уюштурууну жана өткөрүүнү жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндөгү

*(Жооптуу Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы И.А. Усенов).*

КУУнун кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы И.А. Усеновдун маалыматын угуп жана талкуулап, 2025-2026-окуу жылына карата кабыл алуу кампаниясын уюштурууну жана өткөрүүнү жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылары жөнүндө.

КУУнун Окумуштуулар Кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ

1. **Кабыл алуу комиссиясынын түзүмү бекитилсин:**

1.1. 2025-2026-окуу жылында карата кабыл алуу өнөктүгүн уюштуруу жана өткөрүү
тартибин жөнгө салуучу функционалдык милдеттер жөнүндөгү документтер.

2. **Кабыл алуунун эрежеси бекитилсин:**

2.1. «2025-2026-окуу жылына карата Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине кабыл алуу эрежеси»,

2.2 «2025-2026-окуу жылына карата Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кесиптик колледждерине жана орто кесиптик билим берүү бөлүмдөрүнө кабыл алуунун эрежеси»,

2.3. «2025-2026-окуу жылына карата Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин докторантурасына (PhD)/профиль боюнча кабыл алуунун эрежеси»,

2.4. «2025-2026-окуу жылына карата Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин аспирантурасына, докторантурасына жана изденүүчү институтуна кабыл алуунун эрежеси»

2.5. «2025-2026-окуу жылына карата Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин гимназиясына кабыл алуу эрежеси».

3. **Жобо бекитилсин:**

3.1. «2025-2026-окуу жылына карата кабыл алууда Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин гранттык жана кабыл алуу комиссиялары жөнүндө жобо»,

3.2. «2025-2026-окуу жылына карата кабыл алууда кирүү сынактарын уюштуруу жана өткөрүү тартиби жөнүндө жобо»,

3.3. «2025-2026-окуу жылына карата кабыл алууда аттестациялоо сынактарын уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобо»,

4. **Документтин формасы бекитилсин:**

4.1. 2025-2026-окуу жылына карата Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине кабыл алынган студенттердин өздүк көктөмүндөгү документтердин формасы:

1. рейтинг аныктоо баракчасы, 2. өздүк арызы жана тил кат, 3. экзамендин(аттестациянын) протоколу, 4.документтердин тизмеси.

4.2. 2025-2026-окуу жылына карата кабыл алууда кирүү сынактарын (аттестациялоо сынактарын) протоколдорунун формасы:

1. кирүү сынагынын протоколу, 2. маектешүүнүн протоколу, 3.компьютердик тестин протоколу, 4. окууга өтүүгө сунуштоо формасы, 5. окууга кабыл алуунун буйругунун формасы.

5. 2025-2026-окуу жылына карата кабыл алуу кампаниясын жакшыртуу максатында берилген сунуштарды укуктук- ченемдердин негизинде ишке ашыруу үчүн тиешелүү кызматтар иш алып барсын.

6. Кабыл алуу комиссиясынын ишин санариптештирүү улантылсын жана Оргтехника менен камсыз болсун.

7. 2025-2026-окуу жылына карата кабыл алуу кампаниясы борборлоштурулуп №6 окуу имаратында өткөрүлсүн.

8. Кабыл алуу комиссиясы кабыл алууну уюштурууда жана өткөрүүдө ченемдик-укуктук документтерди так жетекчиликке алсын.

9. Окумуштуулар Кеңешинин бул токтомунун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу КУУнун ректору Д.Т. Чонтоевге калтырылсын.

КУУнун ОК төрагасы
профессор — Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент — Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун
№ 9.3. ТОКТОМУ

29.05.2025 ж.

3. Жусуп Баласагын атындагы КУУнун 2025-2026-окуу жылына абитуриенттер үчүн тейлөө кызматынын тарифтери

*(Жооптуу Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы И.А. Усенов).*

Ж. Баласагын атындагы КУУнун кабыл алуу комиссиясынын Жооптуу катчысы Усенов И.А. абитуриенттер үчүн тейлөө кызматтарынын 2025-2026-окуу жылына белгиленген тарифи боюнча маалымат берип, анда Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 18-майындагы №300-Токтомуна, «Кыргыз Республикасынын акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарына каралган тарифтерди калыптандыруу жана колдонуу жөнүндөгү" жобосунун негизинде, жогорку окуу жайларга окууга тапшырган абитуриенттер үчүн кызматтардын тарифтери бул Жобонун 5- жана 15-пункттарына ылайык ЖОЖдор тарабынан иш жүзүндөгү чыгымдардын негизинде өз алдынча бекитиле тургандыгын жана түшкөн каражат кабыл алуу комиссиясынын мүчөлөрүнө айлык акысына, социалдык фондусуна, кесипке багыт берүү иштерине, жумушчу иш сапарга чыгууга, жарнамалык маалыматтарды жайгаштырууга, буклеттерди чыгарууга, кеңсе товарларын сатып алууга, кирүү экзамендерин жүрүзүүгө киреше табуусуз сарптала тургандыгын билдирди.

Тейлөө кызматынын жана кеңсе товарларынын наркынын өскөндүгүн эске алуу менен 2025-2026-окуу жылына карата абитуриенттер үчүн тейлөө кызматынын тарифин былтыркыга салыштырмалуу Кыргыз Республикасынын атуулдарына **200 сом,** чет элдик атуулдарга **250 сом** өлчөмүндө көтөрүүнү суранды.

Окумуштуулар кеңеши кабыл алуу комиссиянын Жооптуу катчынын маалымдоосун угуп жана талкуулап,

**ТОКТОМ КЫЛДЫ:**

1. 2025-2026-окуу жылына карата абитуриенттер үчүн тейлөө кызматынын тарифи Кыргыз Республикасынын атуулдарына **1190 сом,** чет элдик атуулдарга **1490 сом** өлчөмүндө бекитилсин.
2. Көрсөтүлгөн кызматтардан алынган жалпы сумманын 75 пайызынан эмгек акы төлөө фонду түзүлсүн, калган сумма кабыл алуу комиссиясынын башка чыгымдарына жумшалсын.
3. Пландоо-финансы бөлүмү Ж.Баласагын атындагы КУУнун 2025-2026-окуу жылына карата абитуриенттер үчүн тейлөө кызматынын сунушталган тарифтерин бекитсин.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

29.05.2025-ж.

№ 9.5 ТОКТОМУ

3. Ар түрдүү маселелер.

3.3. Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин грифин берүү жөнүндө.

1. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык институтунун профессору, ю.и.д. Батырбаев Бактыбек Сулаймановичтин жана ю.и.к., доцент Бузурманкулов Байтик Жолдошбековичтин кыргыз жана орус тилинде даярдалган "Кыргыз Республикасынын Кылмыш жаза процессуалдык укугу" (жалпы жана негизги бөлүк) окуу китебин Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министирлигинин грифин грифин берүү жөнүндө.

Каралып атакан окуу китебин карап чыгып, окуу-методикалык бирикменин корутундусун жана Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультетинин өтүнүчүн окуп, бардык керектүү сын-пикирлери менен таанышып,

Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин грифин алууга юридикалык институтунун профессору, ю.и.д. Батырбаев Бактыбек Сулаймановичтин жана ю.и.к., доцент Бузурманкулов Байтик Жолдошбековичтин кыргыз жана орус тилинде даярдалган "Кыргыз Республикасынын Кылмыш жаза процессуалдык укугу" (жалпы жана негизги бөлүк) аттуу окуу китеби сунушталсын.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова